## Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2012-жылдын октябрь айы)*

Октябрь айында биринчилик рынокто Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча бир аукцион өткөрүлгөн, анын жыйынтыгы боюнча рынок катышуучулары тарабынан 271,0 млн. сом суммасына баалуу кагаздар сатылып алынган, бул өткөн айдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 3,56 пайызга төмөн. Сатуунун мындай төмөндөөсү, 2012-жылдын июнь айынан бери жигердүүлүк менен катышкан институционалдык инвесторлор тарабынан кызыкчылыктын артышына карабастан, коммерциялык банктардын жигердүүлүгүнүн азайышынан улам келип чыккан (эки коммерциялык банк гана кызыкчылыгын билдирген). Канааттандырылган суроо-талап деңгээли 14,9 пайызга төмөндөп, 84,4 пайызды түзгөн. Мында баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү 0,3 пайыздык пунктка жогорулоо менен 14,8 пайызды түзгөн. МКОлор боюнча кирешелүүлүктүн салыштырмалуу жогорку деңгээлине карабастан, көпчүлүк банктар тарабынан мамлекеттик баалуу кагаздардын бул түрүнө кызыкчылыгы алардын ресурстук базасынын кыска мөөнөттүк мүнөзгө ээ болгондугунан улам анча жогору эмес бойдон калууда.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




Октябрь айында жүгүртүүдөгү МКОлор көлөмү ай ичинде 6,6 пайызга жогорулап, 4,4 млрд. сомго чейин жеткен. Мында, институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 3,7 пайыздык пунктка (44,0 пайызга чейин) жогорулашы байкалган, коммерциялык банктардын салыштырма салмагы 3,7 пайызга төмөндөп, 56,0 пайыз өлчөмүндө түптөлгөн. Юридикалык жак-резиденттердин үлүшү мурдагыдай эле, 0,1 пайыз деңгээлинде калыптанган.

МКО биринчилик рыногунун концентрациялануу индекси[1] айдын жыйынтыгы боюнча 0,48ди түзгөн, бул концентрациялануунун жогорку деңгээлин тастыктап, рынокто бирдей үлүшкө ээ эки инвестордун катышуусуна ылайык келет.

Кароого алынган мезгил ичинде экинчилик рынокто МКО менен операциялар ишке ашырылган эмес.

---

[1] Бул индекс, баалуу кагаздардын банктар портфелинде концентрациялануусун көрсөтүп турат. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын ыкмасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдөгү көрсөткүчтөрдүн салыштырма салмактарынын квадрат суммаларын көрсөтөт. Индекстин мүмкүн болуучу маанилери 0дөн 1ге чейинки маанилер ортосунда орун алган. 0,10дон төмөн болгон индекс мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине ылайык келет; 0,10дан 0,18ге чейин – концентрациялануунун орточо деңгээлине; ал эми 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалы, 0,50 барабар болгон концентрациялануу индекси рынокто бирдей үлүшкө ээ эки катышуучунун катышуусуна эквиваленттүү; 0,30 – үч катышуучунун ж.б.у.с.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банкы | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| Тогуздун айы'2011 | 2 927 012,0 | 500 940,7 | 17,1% | 1 888 929,5 | 64,5% | 532 494,6 | 18,2% | 4 605,2 | 0,2% |
| Жетинин айы | 3 056 703,0 | 500 940,7 | 16,4% | 1 881 130,5 | 61,5% | 671 484,6 | 22,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бештин айы | 3 035 970,0 | 0,0 | 0,0% | 1 857 228,9 | 61,2% | 1 175 593,9 | 38,7% | 3 105,2 | 0,1% |
| Үчтүн айы'2012 | 3 047 170,0 | 0,0 | 0,0% | 1 868 428,9 | 61,3% | 1 175 593,9 | 38,6% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бирдин айы | 3 092 940,0 | 0,0 | 0,0% | 1 914 198,9 | 61,9% | 1 175 593,9 | 38,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Жалган куран | 3 055 690,0 | 0,0 | 0,0% | 1 921 038,9 | 62,9% | 1 131 503,9 | 37,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Чын куран | 3 145 470,0 | 0,0 | 0,0% | 2 011 168,9 | 63,9% | 1 131 153,9 | 36,0% | 3 105,2 | 0,1% |
| Бугу | 3 234 570,0 | 0,0 | 0,0% | 2 099 268,9 | 64,9% | 1 131 153,9 | 35,0% | 4 105,2 | 0,1% |
| Кулжа | 3 229 690,0 | 0,0 | 0,0% | 1 994 368,9 | 61,8% | 1 231 173,9 | 38,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Теке | 3 449 700,0 | 0,0 | 0,0% | 2 164 368,9 | 62,7% | 1 281 183,9 | 37,1% | 4 105,2 | 0,1% |
| Баш оона | 3 936 450,0 | 0,0 | 0,0% | 2 563 273,2 | 65,1% | 1 369 974,6 | 34,8% | 3 160,2 | 0,1% |
| Аяк оона | 4 092 450,0 | 0,0 | 0,0% | 2 441 373,2 | 59,7% | 1 647 874,6 | 40,3% | 3 160,2 | 0,1% |
| Тогуздун айы | 4 362 550,0 | 0,0 | 0,0% | 2 441 473,2 | 56,0% | 1 917 874,6 | 44,0% | 3 160,2 | 0,1% |